**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А. А. Алтмышбаев атындагы Философия институту жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу философия илимдери боюича докторлук (кандидаттык) маданият таануу жана искусство таануу боюнча кандидаттык диссертацияларды коргоо үчүн түзүлгөн Д.09.22.657 диссертациялык кеңешинин Акматов Өмурзак Сарытайовичтин “Философиялык анторопология алкагындагы гуманисттик парадигмалардын социожаратылыштык жана социомаданий табияты” аттуу темада 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча жазылган докторлук диссертациясынын алдын ала коргоосу боюнча 2024-жылдын 17 майындагы отурумунун**

**№ 30 ПРОТОКОЛУ**

**Катышкандар:**

1. Саралаев Нур Керимкулович, (төрага) философия илимдеринин доктору, профессор, адистиги 09.00.03;
2. Амердинова Магира Мунаждиновна, (төраганын орун басары) философия илимдеринин доктору, профессор, адистиги 09.00.11/09.00.01;
3. Алымкулов Замирбек Аманбекович, (окумуштуу катчы) философия илимдеринин кандидаты, доцент, адистиги 09.00.03;
4. Алымкулов Марат Сапарбекович философия илимдеринин доктору, доцент, адистиги 09.00.11 / 09.00.01;
5. Аманова Роза Асановна, искусство таанунун доктору, профессор, адистиги 17.00.02 / 24.00.01;
6. Бекбоев Аскарбек Абдыкадырович, философия илимдеринин доктору, профессор, адистиги 09.00.03 / 09.00.01;
7. Бейшенова Айсулуу Тилековна философия илимдеринин доктору, доцент, адистиги 09.00. 11;
8. Бокошов Жамгырбек Бокошович, философия илимдеринин доктору, профессор, адистиги 09.00.01 / 09.00.11; *(онлайн катышты)*
9. Дюшалиев Камчыбек Шаменович, искусство таануунун доктору, профессор, адистиги 17.00.02 / 24.00.01;
10. Исаков Кубанычбек Абдыкадырович, философия илимдеринин доктору, доцент, адистиги 09.00.03;
11. Осмонова Динара Аскарбековна, философия илимдеринин доктору, доцент, адистиги 09.00.11;
12. Сариева Калбүбү Сариевна, философия илимдеринин доктору, адистиги 09.00.01 / 17.00.02;
13. Стамова Рахат Дуйшембуевна, философия илимдеринин доктору, профессор, адистиги 09.00.01 / 24.00.01;

**14.** Сузукей Валентина Юрьевна, маданият таанунун доктору, профессор, адистиги 24.00.01 / 17.00.02; *( катышкан жок)*
**15.** Токоева Гулдана Самидиновна, философия илимдеринин доктору, доцент, адистиги 09.00.03; *(онлайн катышты)*
**16.** Уметалиева Чынара Топчубековна, маданият таанунун доктору, 24.00.01 / 17.00.02 адистиги; *( катышкан жок)*
**17.** Шарипова Эркайым Козуевна, философия илимдеринин доктору, профессор, адистиги 09.00.11 / 09.00.03; *(онлайн катышты)*

**Төрага:** Урматтуу кесиптештер Диссертациялык кеңештин мүчөлөрүнүн онлайн катышкандары бар. Кворум бар. Диссертациялык кеңешти ачык деп жарыялоого добуш берип коюуңуздарды суранам. Рахмат, бир добуштан. Бүгүнкү диссертациялык кеңештин отурумун ачык - деп жарыялайбыз. Диссертациялык кеңештин 17 мүчөсүнөн 15 мүчөсү катышууда.

## КҮН ТАРТИБИ:

Акматов Өмүрзак Сарытайовичтин "Философиялык анторопология алкагындагы гуманисттик парадигмалардын социожаратылыштык жана социомаданий табияты" аттуу темада 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча жазылган докторлук диссертациясынын алдын ала коргоосу. Диссертация Ош мамлекеттик университетинин Философия жана политология кафедрасында аткарылган.

Илимий кеңешчиси Бекбоев Аскарбек Абдыкадырович – философия илимдеринин доктору, профессор. Күн тартибин кабыл алалы добуш берсениздер. Рахмат. Күн тартиби кабыл алынды.

Изденүүчүнүн анкеталык маалыматтарын жарыялоо үчүн сөз окумуштуу катчы, философия илимдеринин кандидаты Алымкулов Замирбек Аманбековичке берилет.

**Окумуштуу катчы:** Саламатсыздарбы урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү. Акматов Өмүрзак Сарытайович 1964-жылы 7-январда туулган.
1987-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун аяктаган.

1988-жылдан тартып Ош МУда окутуучу, улук окутуучу, кафедра башчысы болуп иштеген. 2021-жылдан тартып, Философия кафедрасынын доценти.

Диссертациялык ишти чагылдырган 22 илимий макала жарыяланган. РИНЦ, скопус базаларына кирген журналдарда чыккан. Жалпы 336 баллды түзөт.
Тапшырылган документтер УАК тын койгон талаптарына толук жооп берет.

**Төрага:** Окумуштуу катчыга суроо барбы? Эгер жок болсо, сөздү изденүүчүгө берели. Диссертациянын негизги жоболорун корутундуларын айтат.

**Изденүүчү:** Саламатсыздарбы диссертациялык кеңештин төрагасы, диссертациялык кеңештин мүчөлөрү. Адам табиятын, анын социалдык-

биологиялык өбөлгөлөрүн, генезиси менен эволюциясын, изилдеген илимий тармактын (антропология, тарыхый антропология, социалдык антропология жана маданий антропологиянын) соңку теориялык бедели – жогорку деңгээлдеги концептуалдык модели – философиялык антропология болуп саналат. Ал адам табияты менен маңызын, анын болумушка, тиричиликке, ой жүгүртүү менен акыл-эске жана эмоцияга карата болгон купуя мамилелерин иликтеп, азыркы адамдын социалдык-философиялык портретин түзүүгө жөндөмдүү.

Философиялык антропология – адам маңызы менен жашоосун (сущность и существования) талдай турган философиялык илимдердин татаал тармагы. Ал – «адам философиясы» деп аталган түшүнүктөн айрымаланып, бүтүндөй адам жөнүндөгү философиялык түшүнүктөрдүн жалпыланышы, бирдиктүү бир системага салынышы болуп эсептелет. Философиялык антропология – адам маңызын конкреттүү тарыхый фазадагы конкреттүү адам менен байланышытырып карабайт жана ал адам жөнүндө жалпыланган түшүнүктү (жалпы адамга тиешелүү мүнөздөрү аркылуу) аныктайт. Философиялык антропология – адам маселелеринин бардык көп кыйырларын терен талдоого умтулгандыгы менен айрымаланат. Адам парадигмасындагы социомаданий жана социожаратылыштык жагдайлардын, рационалдуулук менен ирраңионалдуулуктун; философиялык темпорализмдин, уникалдуулук менен универсалдуулуктун, чектүүлүк менен чексиздиктин, жоопкерчилик менен парздардын; азап чегүү, жарашуу, келишүү, куткаруу философиясынын, жашоо маңызы менен окуялардын ошондой эле, рухий кырдаалдардын өз ара биримдиги – философиялык антропологиянын объектиси.

Философиялык антропология – философиялык илимий тармак катары XVIIIк. И.Канттын окуусунан башат алат. Мындай жыйынтыктын айрым негиздери И.Канттын философиядагы төңкөрүшү жана анын категориялык императив концепциясы болуп эсептелет. XX к. 20-ж. Германияда Макс Шелер (1874-1928) тарабынан анын “Космостогу адамдын абалы” (1928) деген эмгегинде ошол мезгилдеги жана ага чейинки адам философиясы тууралуу илимий түшүнүктөр жана концепциялар жалпыланган. Мындан тышкары философиялык антропология методологиялык мүнөзгө ээ. Анын адам тууралуу теориялык жыйынтыгы башака адамга байланыштуу илимий изилдөөлөрдүн таянычы болуп эсептелет.

Философиялык антропология алкагындагы социалдык философиянын концепт-аппараты өзүнө ой жүгүртүүнүн универсалдуу мүнөздөгү философиялык категориялар менен формаларды камтып турат. Анда: адам жана коом, маданийлүүлүк менен табийгыйлуулук, социалдык аракеттер менен социалдык мамилелер, эркиндик менен көз карандылык, жуурулушу менен конфликт, өлүм менен өлбөстүк, бакыт менен бактысыздык, сүйүү менен махабат, кумар менен ырахат, жаштык менен карылык, өнүгүү менен чегинүү, кайгы менен кубаныч, өкүнүч менен сүйүнүү, арман менен ийгилик, кусалануу менен сагыныч, эргүү менен толкундануу, убакыт менен мейкиндик, кырдаал

менен абал, тандоо менен аргасыздык, тобокелчилик менен маргиналдуулук, жашоо образы менен жашоо кыймылы, коммуникация ж.б.у.с. камтылган. Айрыкча философиялык антропологиянын проблематикасында универсалдуулук менен уникалдуулуктун экилтик кесилиши негизги мааниге ээ. Ал адам табиятына берилүүчү априордук жана тоталдык формадагы генетикалык шарттулук менен социомаданий нормаларды, турмуштук катастрофалар менен жашоо маңызын, социалдык аргасыздык менен индивидуалдык эркиндикти камтып турат. Мындан сырткары тигил же, бул социумдун ар кандай социалдык залалдуулуктардан, глобалдуу проблемалардан, айрыкча социалдык-экологиялык терс кубулуштардан сактануунун, эгерде андай кубулушка кириптер болгон болсо, андан арылуунун методологиялык маселелерин үйрөнүүгө жардам берет. Азап чегүүчү же, кризистик абалдагы социумдун жашоо дүйнөсү жөнүндөгү идеялардын философиясын түзүп, аларды жөнгө салуунун философиялык жоболорун түзүүгө жөндөмдүү. Өзгөчө адам болмушунун көп түрдүүлүгүн: анын этникалык, аймактык, тектик, курактык, тарыхый, табийгый-менталдык жана индивидуалдык өзгөчөлүктөрүн жалпы адамдык алкак менен айкалыштырып кароодо интерпретациялоого көмөк бере алат. Бул процессте жеке адамды коомдук жалпылоо тенденциясы, же, бардык эле адамдарды бирдей баалоо түшүнүгү оң жана терс натыйжа берээри өзүнчө маселе. Анткени, жашоодо бакытка умтулуудагы социалдык-укуктук бирдей теңдештирүү аракети социалдаштыруу контекстинде максатка ылайыктуу келсе, ошол эле учурда ар бир адамдын уникалдуу табиятын, андагы кайталангыс, өз алдынчалык адамдык касиеттерин, баалуулуктарын таанибагандык терс натыйжага алыш келээри анык.

Жогоруда учкай белгиленген концептуалдык жагдайлар диссертациянын илимий-теориялык актуалдуулугун таасын айгинелеп турат.

Изилдөөнүн максаты жана милдеттери. Диссертациялык изилдөөнүн негизги максаты – салыштырмалуу соңку илимий тармак – философиялык антропологиянын абстрактуулуктан конкреттүүлүккө багыт алган концептуалдык маңызын, имманенттүү социалдык-тарыхый табиятын тастыктоо аркылуу социожаратылыштык жана социомаданий шарталган жаңы гуманисттик парадигмаларды ырааттуу изилдөө болуп эсептелет. Бул учкай белгиленген максаттын илимий муктаждыгы гуманисттик парадигмалар деп аталган антропологиялык мүнөздөгү социомаданий моделдерди адекваттуу аңдоонун зарылдыгы менен шартталган. Жогоруда белгиленген максатка ылайык изилдөөнүн төмөнкү милдеттери аныкталды:

- изилдөө объектисинин учурдагы теориялык деңгээлин аныктоо максатында философиялык антрополгия багытындагы илимий-изилдөөлөргө аналитикалык синопсис жүргүзүү;
- кыргыз профессионалдык философиялык эмгектериндеги анторопологиялык сегменттердин логикалык жана семантикалык

өзгөчөлүктөрүн; кыргыз кыртышындагы антропологиялык мүнөздөгү философемаларды айкындоо;

- философиялык антропологиянын фундаменталдык илимий жоболорунун социотабияттык жана социомаданий факторолорун конкреттүү-тарыхый ыкманын негизинде аныктоо;

- философиялык антропологиянын башка маанилеш илимий тармактардан айрымаланган концептуалдык манызын жана логикалык табиятын теориялык рефлексия катарында тастыктоо;

- гуманизмдин типологиялык өзгөчөлүктөрүн жана социомаданий парадигмаларын айкындоо;

- адам маңызын жана табиятын антропологиялык тариздеги философиялык модель катары интерпретациялоонун мазмундук талаасын соңку илимий концепт катары чечмелөө;

- адам парадигмасынын соңку мезгилде сунушталган трансгуманисттик долбоорун жана этикалык доктринасын аксиологиялык (баалуулук) кубулуш, праксиологиялык аракет катары реконструкциялап, аталган антропологиялык концепциялардын логикалык табиятын ырааттуу талдоо;

- философиялык антропологиянын алкагындагы гуманисттик парадигмалардын онтологиялык контексттерин – социожаратылыштык жана социомаданий шарттарын моделдештирүү аркылуу алардын эпистемалык табиятын аныктоо.

Диссертациялык иштин илимий жаңылыгы. Азыркы мезгил-мейкиндиктин кооптуу континуумy менен учурлаш, соңку геосаясий тилкелердин өзгөчө кырдаалы менен шартталган философиялык антропологиянын маңызы, анын социожаратылыштык жана социомаданий табияты конкреттүү гуманисттик типологиянын, гуманисттик парадигмалардын, трансгуманисттик долбоордун жана этикалык доктринанын алкагында изилденгендиги менен шартталган.

- Бул аталган илимий жаңылык катары мүнөздөлгөн жагдай төмөнкү концептуалдык констаталар аркылуу айкындалды:
- философиялык антропология ареалында (анын ичинде кыргыз профессионлдык философиясында) өкүм сүргөн гуманисттик мүнөздөгү адам маңызына арналган илимий-изилдөөлөргө аналитикалык талдоо жүргүзүлүп, алардын теориялык дараметтери тастыкталды;
- кыргыз кыртышындагы ойлом материалдары аркылуу протоантропологиялык философемалардын социалдык-философиялык сегменттери дааналанды;
- философиялык антропологиянын онтологиясын өбөлгөлөгөн социотабияттык жана социомаданий факторлор гносеологиялык рефлексия иретинде каралып, алар болумдук кубулуш катары тастыкталды;
- философиялык антропологиянын коннептуалдык манызы менен логикалык табияты азыркы көпкырдуу геосаясий кырдаалдын опурталдуу алкагында

адам маңызын обьективдүү аңдоонун адекваттуу формасы экендиги таасындалды;
- гуманизмдин типологиялык өзгөчөлүктөрүн дааналаган теориялык жоболордун соңиомаданий табияты жана парадигмалык концепт-белгилери айкындалды;
- “адам маңызы жана табияты” деп аталаган заман менен учурлаш антропологиялык парадигманын мазмундук тилкеси түшүнүк-түшүнүмдөрдүн алкагы катары такталды;
- адам парадигмасынын трансгуманисттик долбооруна жана этикалык доктринасына аксиологиялык талдоо жүргүзүлүп, анын праксиологиялык маңызы ачылып берилди:
- конкреттүү-тарыхый гуманисттик парадигмалардын эпистемалык кудуретинин социожаратылыштык жана социомаданий өбөлгөлөрү такталып, алардын болочогу аныкталды.

- Корутунду бөлүгүндө диссертациялык изилдөөнүн мазмундук талаасында камтылган антропологиялык тариздеги конкреттүү-тарыхый ойлом материалдары социалдык-философиялык өңүттөн жалпыланып, ал жалпылоолордун илимий натыйжасы он эки пункттан турган концептуалдык бүтүм катары түзүлдү. Алар төмөнкүлөр:
- 1. Адам түшүнүгүн парадигма иретинде комплекстүү изилдөө, фрагментардык (тармактык) концепттерден айрымаланып, методологиялык мүнөздөгү синтетикалык же, синтездик концепцияны колдонуп адам табиятын жана маңызын изилдөө ыкмасы соңку мезгилде жаңы өнүгө баштаган –философиялык антропологияга таандык. Классикалык философия – адам турпатын биологиялык алкак менен чектеп, анын акыл-эстик, сезимдик жана эрктик (субъектилик) өз алдынчалуулугуна, уникалдуу жаратмандык мүмкүнчүлүгүнө жетишерлик денгээлде баа бербей келгендиги белгилүү. Классикалык философия – адамдын парадоксалдуу экилтик биосоциалдык табиятын – ал бир эле учурда социалдык абалдын субъектиси да, объектиси да экендигин толуккандуу эске алган эмес. Объект жана субъект түшүнүктөрүн ыксыз абсолютташтыруунун натыйжасында адам болуму (тирилик) түшүнүгү “классикалык жана постклассикалык ыкмалардын” көлөкөсүндө калган. Мындай метдологиялык оош-кыйыш кырдаал классикалык философиянын метафизикалык (объективдүүлүккө басым жасоо) өзгөчөлүгү менен түшүндүрүлөт. Бул белгиленген кырдаал философиялык антропологиянын калыптанышы менен өнүгүшүнүн пайдубалы болуп эсептелет. Адам ар дайым өзүнүн чектелген табийгый алкагынан чыгууга умтулат. Адамдын өзгөрмөлүү табиятынын ички логикасы мына ушул “адамдык умтулуу” менен түшүндүрүлөт. Адам тууралуу эмпирикалык ойлом материалдарын теориялык жалпылап, фрагментардык концепттерди абстракциялардын бүтүндүгү катары кароого умтулуу – философиялык антропологиянын негизги өзгөчөлүгү болуп эсептелет.

- 2. Адам жана анын ишмердүүлүгү, коом түзүмү жана коомдук болмуш менен тыгыз байланышкан социотабияттык жана социомаданий факторлор универсалдуу эволюциянын конкреттүү-тарыхый көрүнүшү болуп эсептелет. Аталган эки фактор табият менен коомдун экилтик коэволюциясынын натыйжасында пйда болгон: “табият менен социумдун” жана “социум менен маданияттын” бирин-бири шарттаган өз ара катнашын синтездеген кубулуштарды туюндурат. Философиялык антропология адам табиятын жана маңызын иликтеген тармак. Ал – конкреттүү адамологиянын абстрактуу жагдайы (көрүнүшү, кубулушу, туундусу) катары “табият менен социумдун” жана “социум менен маданияттын” бирин-бири танган, биринен-бирине өткөн илимий-теориялык туундусу болуп эсептелет. Адам – бир бүтүндүктөгү турпат. Ал социалдык реалдуулук катары “социотабият”, же тактап белгилегенде социум менен табияттын айкалышкан биримдигинен жаралган кубулуш менен түздөн-түз байланыштуу. Дал ошондой эле, адамдын социомаданий маңызы көомдошкон адамдардын өз ара алакасы – коомдук болум, ага мүнөздүү маданий баалуулуктар менен аныкталат.
- 3. Табият – Коом – Адам үчилтиги учурдагы экзистенциалдардын зат-маңызын түзгөн ажыралгыс бир БҮТҮНДҮК: бүгүнкү адамзат жашоо-тиричилиги, анын деңгээли аталган (бири-бирин өбөлгөлөгөн, шарттаган, бирине-бири көз каранды) үчилтиктин өз ара байланышы аркылуу аныкталат. Табият – коомго, коом – табиятка, табият менен коом – адамга, адам – коом менен табиятка таасир берет. Натыйжада табият-коом-адам карым-катнашы универсалдуу мүнөзгө ээ болуп, көп тармактуу биримдикти – экотүзүмдү жаратат. Аталган экотүзүм эгоисттик эмес гуманисттик антрпологиянын же, антропологиялык альтруисттик гуманизмдин өлчөмү менен алкагын аныктайт. Гуманисттик антропологиянын же, антпрологиялык гуманизмдин онтогенетикалык негизи – табиятта коомдун (адамдын) изи бар; адамда (коомдо) табияттын изи бар. Коом белгилүү деңгээлде “антропологиялашкан табият” (“коомдошкон табият”) болуп эсептелет.
- 4. Табийгый чөйрө – коомдук жашоо-турмуштун (аны өбөлгөлөп турган) зарыл шарты. Ал эми, коом – табияттын кыйла кенири бүтүндүгүн туюндурган социеталдык түзүм болуп саналат. Адам жер шарынын “ичке кабыкчасы” катары андан абстракцияланган геочөйрөнүн алкагында (чегинде) тиричилик өткөрөт. Геочөйрө бир эле убакта адамга таасир бере турган жана андан таасир ала турган аймак. Ал – коомдун өндүрүш процессине кептеле интеграцияланган коомдук жашоонун (болмуш экзистениясынын) зарыл шарттарын түзгөн табияттын бир бөлүгү. Геочөйрөсүз (фауна жана флорасыз) адам болумун элестетүү мүмкүн эмес. Адам үчүн социалдык кырдаал кандай мааниге ээ болсо, геочөйрө да ошондой эле мааниге ээ. Адамдык парасат, акыл менен эмоциянын айкалышы, “адамдын күн сайын адам болушу” геочөйрө менен да аныкталып турат. Адамзаттын көп кырдуулугун туюндурган жүрүм-турум, адат, мүнөз, менталит геофакторлордун, социомаданий факторлордун, биопсихикалык факторлордун конкреттүү-тарыхый үзүрү болуп эсептелет.

- 5.Философиялык антрпологиянын кыргыз кыртышын өткөн кылымдын 40-50-жылдарында башат алган тарыхый-философиялык, онтологиялык жана гносеологиялык мүнөздөгү илимий-теориялык изилдөөлөр түзөт. Айрыкча кыргыз профессионалдык философия айдыңындагы адам парасатын, маңызын, касиет-белгилерин жалпылаган эмгектер философиялык антропологиянын тилкесине түздөн-түз тиешелүү. Адамды адекваттуу таанып билүүдөгү эс-акыл, ой (ойлом), дидарлашуунун, адам болумунун, билим сегменттеринин, нарк-насилдин (А.А.Салиев, А.А.Брудный, Ж.Б.Бөкөшов, Н.К. Кулматов) маанисин, адамдын инсандык касиеттерин, социалдык-психологиялык жагдайларын изилдөөнүн жыйынтыктарынан алынган илимий натыйжалар тикеден-тике жана кыйыр түрдө философиялык антропологияга тиешеси бар.
- 5.1. Социомаданий контексттин мазмундук сегменттерин өзүнө сиңирип, тарыхый-эволюциялык мүнөзгө ээ болгон, биздин изилдөөбүздүн диапозонуна (тилкесине) кыйыр же, түздөн-түз таандык кыргыз профессионал философиясында терең иликтенген “ой”, “психотазис”, “психологиялык маданият”, “дидарлашуу” (общение), “маалымат” (билим), “чынчылдык”, “инсан”, “өзүн-өзү аңдоо” түшүнүктөрүнүн семантикалык диапозону антропологиялык концептке ээ. Анткени, ал түшүнүктөр адам маңызын аныктаган негизги категориялар, алар аркылуу адам өзүнүн түпкүрдөгү оюн, сезим-туюмун, максат-тилегин туюндурат; ошол түшүнүктөрдү колдонуп адамдар бири-бири менен байланышып, карым-катнаш түзөт.
- 5.2. Дүйнөлүк философиялык антропологиянын бир саласы катары кыргыз кыртышындагы адамдын түрдүү өңүтүнө (тирик, пенде киши (инсан) ж.б.) айкын баа берүү, алардын социалдык маңызын аныктоо – объективдүү заралыдыкты жаратат. Албетте, инсандын адамдык сапаты менен анын аң сезиминин ортосундагы байланыш, адамдын аң сезимдик калыптанышындагы эң оболу анын генетикалык (тукум куучулук) башатындагы түпкү идиреги, табийгый каалоосу менен умтулуусу –объективдүү кубулуш (М.М. Амердинова). Бирок, адамдын түрдүү өңүттөрүнө, индивидуалдуу автономиялык өз алдынчалыктарына кандай гана маани бербейли, Чыгыш философиясынын, анын алкагындагы Кыргыз этноменталдык өзгөчөлүгүнө ылайык социоборбордук иерархиянын личносттун калыптанышына тийгизген таасири чоң. Анткени, личносттун калыптануусу менен өнүгүүсүндө кыргыз коомчулугунун салттуу жашоо образы (Р.Д.Стамова) маанилүү фактор бойдон кала берет.
- Адам – аалам объективдүүлүгүн адамдаштырууга далаалат кылган субъективдүү кубулуш. Ал – дүйнө реалдуулугун, анын маңызын өзүнө жакындатып топтоштуруп, жан дүйнөсүнө сиңире алат. (Г.С.Токоева) Коомдук аң сезимдин кандай гана өңүтүн албайлы, анда адам табийгый дүйнөнү адамдык (социалдык жана рухий) тандоонун, түшүнүмдүн, элестөөнүн, прогноздоонун жана моделдөөнүн алкагында жашайт. Ал – космикалык жана анын алкагындагы социалдык мейкиндиктин макро жана микро абалында жашап жатып, мезгил менен мейкиндикти багынткысы келет. Анын каалоосу менен умтулуусу чексиз.

Ошондуктан адам дайыма дүйнөгө ээлик кылууга умтулат. Ал өзүнүн пенделик жашоосунун чектүүлүгүнө (убактылуу) акылы жетип туруп, кыял-сезими менен чексиздикти – түбөлүк жашоону эңсейт. Анын кишилик (личносттук) чыгармачыл-изденүүчүлүк идиреги, көркөм-таанымдык кыялый сезимдери, рухий-интеллектик дарамети өзүнүн денелик (биологиялык) чектелүүсүнө "ээ-жаа бербей" түбөлүк боштондукка чыгууну саматат. Ал анын чексиз эркиндикке болгон умтулуусу. Мындай умтулуу – адамдын геочөйрөдөгү жашоо менен чектелбестен космикалык кеңири мейкиндикке болгон эңсөөсүнөн кабар берип турат. Анын өзү адамды антропогенездик изилдөөдөгү Дарвиндик теориянын реалдуулугунан күмөн жаратат. Мына ошондай көз караштa философиялык антропология – адамдын антропогенездик купуялуулугуна терең маани берип, анын генезистик табиятын изилдөөдө бир жактуулукка жол бербейт жана плюралисттик мамиле кылууну көздөйт.

- 6. Философиядагы антропология – адам маңызын туюндурууга багытталган илимий тармактардын теориялык натыйжаларын логикалык жалпылоонун натыйжасында жаралган жана анын квинтэссенциясы "адам – эмне" деген суроо-парадигма менен байланыштуу. Эгерде, "адам деген эмне" деп аталган туюнтманын ички логикасы жалпы адам маңызы тууралуу ойтутумдун сырткы фактору катары мүнөздөлсө, "адам – эмне" логико-гносеологиялык парадигмасы адам маңызынын социобиологиялык табияты менен байланыштуу. Философиялык антропология биринчиден, адамды адамдык касиеттердин жыйындысы катары аңдап, ал эми адамдык касиеттердин жыйындысы адамдын акыйкат-чындык (дейтсивтельность) менен өзөктөш өздүгүн "менин" аныктаарын тастыктайт; экинчиден, адамдын жашоосуна, адам болумуна, адам тирилигине басым жасайт; үчүнчүдөн, жалпы субъект жөнүндөгү тарыхый-логикалык "адам философиясын" социомаданий контекстке ылайык конкреттештирет. Философиялык антропологиянын концептуалдык өзөгү – "адам жөнүндөгү трансценденттик акт – философиялык рефлекс, ал эми философиялык рефлекс – аң сезимдин имманенттүү логикасы".
- 7. Философиялык антропология – адамдын эң маанилүү суроолоруна, анын тагдыры, жашоо жана өлүм, адам жашоосунун мааниси жөнүндөгү болмуштун көйгөйлөрүнө адекваттуу жооп берүүгө багытталган. Аталган суроолордо камтылган маселелерди чечпей туруп, адамзат жашоосунун жеткилең стратегиясынын оптималдуу моделин иштеп чыгуу мүмкүн эмес. Ансыз адам өзүн-өзү адекваттуу түшүнө албайт, өзүнүн жашоо максаттарын жана милдеттерин, дүйнөдөгү миссиясын даана тастыктай албайт. Мындай түшүнүксүз кырдаалда, адам илимий алкактын чегинен чыгып, дин, парапсихология, экзистенциалдык философия тармагына кайрылууга аргасыз болот. Бул жагдайдан алып караганда, философиялык антропология – адам экзистенциясынын негизин түзөт.
- 8. Философиялык антропология – адам маселелеринин бардык көп кыйырларын терен талдап, жалпылоого умтулгандыгы менен өзгөчөлөнөт. Философиялык

антропология – адам философиясы: анда адам маселелериндеги социомаданий жана социожаратылыштык жагдайлардын, рационалдуулук менен иррационалдуулуктун; дүйнөгө карата адамдык мамилелердин, философиялык темпорализмдин, уникалдуулук менен универсалдуулуктун, чектүүлүк менен чексиздиктин, жоопкерчилик менен парздардын; азап чегүү, жарашуу, келишүү, куткаруу философиясынын, жашоо маңызы менен окуялардын, рухий кырдаалдардын өз ара биримдиги камтылган. Конкреттүү адам менен абстрактуу мүнөздөгү “ада” түшүнүгүнүн дал келиши (тождество), айрымасы жана ажыралгыс биримдиги талданат.

- 9. Светтик гуманисттерди айрым антропологдор фундаменталдуу принциптердин жоктугу үчүн сындашат. Мындай кемтикти толуктоо максатында гуманисттик аксиология менен гуманисттик этика пайда болот. Светтик гуманизмде фундаменталдуу принциптер – гуманисттик аксиология менен гуманисттик этиканын сегменттери таптакыр жокко эсе деп кескин сындоо негизсиз. Анткени, жалпы таанымдык мааниде, адам түшүнүгүнүн эволюциясы адамзат билиминин жөнөкөйдөн татаалга багытталган зарыл табияты менен тыгыз байланыштуу. Антропоонтологиялык терминдер менен туюндурганда, ноосфералык гуманизм үчүн адам – «абсолюттук башталгыч – биосоциокосмикалык жандык катары каралат». Гуманизмдин философиялык-антропологиялык ыкмасынын жактоочулары гуманизмди инсан жөнүндөгү идеялардын призмасы аркылуу ушул дүйнө таанымдын жана ага байланыштуу практиканын толук субъектиси катары карашат. Ошол эле учурда гуманизмдин философиялык жана антропологиялык аналитикасы, изилдөөнүн бул чөйрөсүнүн жактоочуларынын пикири боюнча, «күчтүү, калыптанган салттарга ээ эмес, гуманисттик антропологиянын изилдөө методологиясы иштелип чыга элек, көйгөйлүү чөйрөсү, негизги багыттары, мектептери, мамилелери так аныктала элек. Мындай “сынчыл” пикрдин негизи бар, анткени гуманизмге антропологиялык талдоо жүргүзүү боюнча соңку учурда алгачкы гана аракеттер көрүлүүдө.
- 10. Жашоонун манызы – адам баалуулуктарынын жана стратегиялык максаттарынын системасы. Ал – адамдын бардык иш-аракетинин негизги багыты, интегратору, адамдын иш-аракетин, анын жашоо образын, жолун, тагдырын тандоону аныктайт. Бул адамдын өмүрүнүн узак мезгилине (же бүтүндөй өмүрүнө) болгон стратегиялык көйгөй. Жашоонун манызы – адам жетектеген идеалдардан жана адамдын иш-аракетин аныктоочу милдеттен көрүнүп турат. Адам антропологиясынан айрымаланып жашоо антропологиясы – “болумдук мотивдер” менен өбөлгөлөнөт. Ал эми “болумдук мотивдер” – адамдын биосоциалдык табияты менен түшүндүрүлөт.
- 11.“Адамды өркүндөтүү” парадигмасы илимий чөйрөдө да кеңири талкууланып, биоэтиканын борбордук маселеси катары каралат. Ал учурда постгуманисттик философиялык тенденциянын алкагында адамдык өнүгүүнүн приоритеттүү парадигмасы болуп саналат. «Адамды өркүндөтүү» парадигмасы – бул аракеттин

ыкмасы жана программасы. Философиялык антропологиянын фундаменталдуу критерийлерине ылайык, аталган парадигма аралаш постгуманисттик парадигмалардан айырмаланып, адамдын жалпы өнүгүү дискурсуна жооп берет.

- 12. Гуманисттик этика адамдын жан дүйнөсүнүн татаал эволюциясын – жакшылык менен жамандыктын, адилеттүүлүк менен адилетсиздиктин, эркиндик менен кулчулуктун, бакыт менен бактысыздыктын, эмгек менен ырахаттын табиятын "толук кандуу" түшүнүүгө жана аныктоого мүмкүнчүлүк берет. Гуманисттик этика – жашоо искусствосунун негизи, ал эркин жана аңдалган адеп-ахлактын формасы. Жеке адамдын конкреттүү жашоосунун алкагы менен айрым учурда дал келе бербеген, өзгөлөрдүн өзгөчөлүгүн эске алган моралдык императив.

**Төрага:** Изденүүчүгө суроонуздар болсо берсеңиздер?
Сөз Камчыбек Шаменовичке берилет.

**Дюшалаиев К.Ш.:** Урматтуу Өмурзак Сарытайович, диссертацияңызда Ч. Дарвиндин теориясына кайрылыптырсыз. Философиялык антропологя түшүнүгүнө сиздин жеке аныктамаңыз барбы?

**Төрага:** сөз Исакова Кубанычбек Абдыкадыровичке берилет.

**Исаков К.А.:** Урматтуу диссертант менде эки суроо бар.

1. Адамдын табиятка болгон катнашынын кандай парадигмаларын айтып бере аласыз?
2. Макулук, тирик, киши, адам түшүнүктөрүн кандай чечмелейсиз?

**Төрага:** дагы кандай суроолор бар? Калбүбү Сариевна суроо.

**Сариева К.С.:** менде да эки суроо бар.

Биринчи Кыргыз кыртышындагы философемалар жана илимий теориядагы сегменттерди карапсыз экинси параграфта. Бул сегменттер ачык сегментби же жабык сегментпи?

Бул жерде "Жеке адамдын социалдык турпаты улам барган сайын курчуп барат" деп турат. Ошго түшүндүрмө бериңиз? Анан "учурлаш" деген сөзгө да тушүндүрмө бериңиз?

**Төрага:** Сөз Магира Мунаждиновнада.

**Амердинова М.М.** Основная суть человека как пришедшего жить вчем заключается?

**Төрага:** Суроолор жетиштүү го. Изденүүчү даярдана берсин. Сөз илимий кеонсультант Бекбоев Аскарбек Абдыкадыровичке берилет.

**Бекбоев А.А.:** Урматтуу коллегалар саламатсыздарбы.

Акматов Өмурзак Сарытайовичтин философия илимдеринин доктору даражасын изденип алуу максатында 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча даярдаган "Филсофиялык антроплогиянын алкагындагы гумантисттик парадигмалардын социожаратылыштык жана социомаданий табияты" деп аталган иши өзүнүн ички логикасы, ойлом материалы жана ырааттуу жалпыланган коцептуалдуу натыйжалары боюнча татаал теориялык парадигмаларды, алардын кыйма-чийме байланышын камтып турат.

Философиялык антропологияны туюндуруп, анын семантикалык сегментин түзгөн гуманисттикк парадигмалардын "мазмундук талаасы", ал парадигмалык кубулуштардын социожаратылыштык жана социомаданий өбөлгөлөрү тарыхый процесс менен логикалык процессти, абстрактуулук менен кокнреттүүлүктү айкалыштыруунун негизинде ырааттуу излденген.

Философиялык антропология адамдын маңызы менен жашоосунун, тиричилик менен тириктин бирин-бири өбөлгөлөгөн, бирин-бири танган алакасына таянып, адамды жалпы маңыз катары карап иликтей тургандыгы, адамдын аны курчап турган дүйнөдөгү (табияттагы, коомдогу) ордун, максатын жана жашоосун аныктаары диссертацияда жөндүү негизделген.

Диссертациялык иштин абстрактуу формада туюндурулган фундаменталдуу логикасы төмөндөгү жагдайларга негизделген: а) конкреттүүлүк (философиялык антропология) кандайдыр нерсе же кубулуш эмес, көп кырдуулуктун (гуманисттик парадигмалардын) биримдиги, абстрактуулук (гуманисттик парадигмалар) обочолонгон акыл эстин формасы эмес, ал конкреттүүлүктүн (философиялык антропологиянын) салыштырмалуу өз алдынчалыкка ээ бир жактуу, толук эмес көрүнүшү (моменти); б) «логикалык» менен «тарыхыйлык» же логикалык процесс менен тарыхый процесстин абстрактуулуктан конкреттүүлүккө өтүү аркылуу тогошу (төп, дал келиши) даяр, өзүнөн-өзү боло калчу нерсе эмес, ал узак түйшүктүү теориялык изилдөөлөрдүн натыйжасы.Диссертантын пикири боюнча, гуманисттик мазмундагы парадигмалардын сциожаратылыштык жана социотабияттык өбөлгөлөрү кайчылаш карама-каршылыктардын "күрөшү" же тезиси, антитезиси жана синтези болгон тарыхый-логикалык процесстин көрүнүшү болуп эсептелет.

Жогоруда белгиленген теориялык пайдубалдын натыйжасында диссертациялык иштин түйүндүү ойлом обьектиси - философиялык антрополгиянын жандуу табияты гуманисттик парадигмалардын негизинде тастыкталган: карамакаршылык анын өнүгүү булагы экендиги, ал ага тиешелүү ички карамакаршылыкардын күрөшү аркылуу өнүгө турган кубулуш экендиги белгиленет.

Диссертациялык иштин биринчи бөлүгү (биринчи бап) "Философиялык антропология: илимий-аналиктикалык синопсис жана философемалык формалары" деп аталып, бул аталган бөлүктүн алкагында философиялык антропологиянын абстрактуулуктан конкреттүүлүккө умтулган тармактык-концептуалдык "кыймылы" тиешелүү илимий адабияттарды жалпылоо аркылуу дааналанат. Филлосоиялык антрпологиянын тарыхый-эволюциялык сегменти болгон анын философемалык көрүнүшү кыргыз кыртышынын ойлом материалдары аркылуу иликтенет.

Диссертациялык колжазманын экинчи бөлүгү (экинчи бап) ой-түшүнүктүн тарыхын чыныгы тарых менен салыштырбай туруп иликтөө мүмкүн эмес экендигин, , ошондой эле, чыныгы тарыхты ал жөнүндөгү түшүнүктөрдү аңтарбай туруп түшүнүү мүмкүн экендигин, "социожаратылыш" жана

“социомаданий” түшүнүктөрүнүн философиялык антропологиядагы көрүнүшү аркылуу айгинелейт. Коомдун табийгый, иманенттүү эволюциясы жана аны менен удаалаш-канатташ өнүгүп келген маданий кубулуштардын кантип, кандайча философиялык антрпологияны мүнөздөй тургандыгы тастыкталат. Диссертанттын пикирине ылайык, “философиялык антропология адамдын табиятын жана маңызын иликтеген тармак катары, конкреттүү адамологиянын абстрактуу жагдайы (көрүнүшү, кубулушу, туундусу) катары “табият менен социумдун” жана “социум менен маданияттын” бирин-бири танган, биринен-бирине өткөн илимий-теориялык туундусу болуп эсептелет”. Ушул эле бапта филосфиялык антрпологиянын концептуалдык маңызы – антропологиялык философиянын теориялык өзгөчөлүгү, таалимат формалары же башкача айтканда анын түшүнүк-түшүнүмдөр системасы иликтенип, “филосфиялык антрополгия деген эмне” деген түйүндүү суроонун жандырмагы чечмеленет. Философиядагы антропология, диссертациялык иште жүйөлүү белгелегендей, – адам маңызын туюндурууга багытталган илимий тармактардын теориялык натыйжаларын логикалык жактан жалпылоонун натыйжасында жаралган жана анын квитэссенциясы “адам - эмне” деген суроо-парадигма менен байланыштуу. Бул баптын кийинки параграфында жашоо маңызы – бул адамдын баалуулуктарынын жана стратегиялык максаттарынын системасы экендиги, жашоо маңызы адамдын бардык иш-аракетинин негизги багыты, интегратору, адамдын иш-аракетин, анын жашоо образын, жолун, тагдырын тандоону аныктай тургандыгы айгинеленет. Адам антропологиясынан айрымаланып жашоо антропологиясы “болумдук мотивдер” менен өбөлгөлөнөөрү, “болумдук мотивдер” адамдыне биосоциалдык табияты менен түшүндүрүлөөрү тастыкталат. “Адамды өркүндөтүү” пардигмасы илимий чөйрөдө кеңири талкууланып, биоэтиканын борбордук маселеси катары каралып, ал парадигма азыркы учурда постгуманисттик философиялык тенденциянын алкагында адамдык өнүгүүнүн приоритеттүү багыты экендигиги жүйөөлүү белгиленет. Гуманисттик этика адамдын жан дүйнөсүнүн татаал эволюциясын – жакшылык менен жамандыктын, адилеттүүлүк менен адилетсиздиктин, эркиндик менен кулчулуктун, бакыт менен бактысыздыктын, ырахаттын табиятын жакшыраак түшүнүүгө,

Төртүнчү бапта иштин илимий логикасы конкреттүүлүктөн абстрактуулукка багытталып, “адам табиятынын постклассикалык долбоору” жана “гуманисттик этикадагы адам доктринасы” деп аталган абстракциялар же көпкырдуу философиялык антропологиянын аталган эки кыры талданат. Адам табиятын түшүнүүнүн классикалык “обьекьтивдештирүү” ыкмасы постклассикалык экзистенциялдык ыкма менен алмашканы, обьектиге эмес субьектиге басым жасоо концепциясы талданат. Постклассикалык философиялык антропология адам турпатын аныктаган өтө маанилүү жагдайларга - тагдыр, жашоо жана өлүм экзистенциалдарына, адам жашоосунун мааниси жөнүндөгү болмуштун көйгөйлөрүнө басым жасай тургандыгы

негиздүү белгиленет. Анткени, диссеротанттын пикирине ылайык, аталган жагдайларды аңдабай туруп, адамзат жашоосунун жеткилең стратегиясынын оптималдуу моделин иштеп чыгуу мүмкүн эмес.

Жалпысынын диссертациялык иште философиялык антрпология – бул адамдын маңыздык турпаты, адамдык маңыздын тегин, табиятын мүнөздөгөн экзистенциалдарды, адам жөнүндөгү татаал түшүнүктү, адамдын өзүнүн өзүнө болгон мамилесин, ана табиятка, коомго, башка адамдарга болгон мамилелрин иликтеп, туюндура турган илимий тармак экендиги таасындалган. Аталган иштин өзгөчөлүгү – антропологиялык философиянын конңептуалдык сегменттери болуп эсептелген гуманисттик парадигмалардын учурдун натыйжасы катары талданышында.

Албетте, айрым бир кемчиликсиз иимий иш бобойт, анткени чындык, акыйкаттык мезгилдин закымына жараша толуктала турган салыштырмалуу кубулуш. Бул диссертацияда иште да маанилүү ойдун мазмунуна көлөкө түшүргөн стилдик такэместиктер, диалектикалык логиканын алкагына коошпгон жалпылоолор бар, бирок бул кээбир принциалдуу мааниге ээ эмес кемчиликтер иштин жалпы илимий-теориялык деңгээлине кедерги боло албайт, тескерисинче алар иштин татаалдыгын тастыктап утурат.

Пикирдин корутунду бөлүгүндө жыйынтык таризинде баса белгилей турган жагдай, философия илимдеринин доктору даражасын изденип алуу максатында 09.00.11 – соңиалдык философия адистиги боюнча даярдалган Акматов Өмурзак Сарытайовичтин “Филсофиялык антроплогиянын алкагындагы гуманисттик парадигмалардын социожаратылыштык жана соңиомаданий табияты” деген аталыштагы диссертациялык иши ЖАКтын тиешелүү талаптарына толук жооп берет жанан диссертант философия илимдеринин доктору даражасына татыкту.

**Төрага:** Рахмат. Анда сөз эксперттик комиссиянын мүчөлөрүндө.
Сөз Стамова Рахат Дуйшембуевнага берилет.

**Стамова Р.Д.** Эксперттик комиссия Ө.С.Акматовдун 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Философиялык антропология алкагындагы гуманисттик парадигмалардын социожаратылыштык жана социомаданий табияты» аттуу диссертациялык ишин карап чыгуу менен төмөндөгү корутундуга келди:

**Диссертациялык кеңеште коргоону өткөрүү укугу берилгеи иштин адистигинин ылайык келүүсү.**

Ө.С.Акматовдун «Философиялык антропология алкагындагы гуманисттик парадигмалардын социожаратылыштык жана социомаданий табияты» аттуу темадагы докторлук диссертациялык иши Д 09.22.657 диссертациялык кеңешинин профилине ылайык келет.

Иште алгачкы жолу философиялык антропология алкагындагы гуманисттик парадигмалардын социожаратылыштык жана социомаданий табиятына социалдык философия ареалында концептуалдуу талдоо жүргүзүлгөн. Ошол себептүү диссертациялык иш 09.00.11 – социалдык философия адистигине толук жооп берет.

**Диссертациянын негизги максаты.** Диссертациялык изилдөөнүн негизги **максаты** – салыштырмалуу соңку илимий тармак – философиялык антропологиянын абстрактуулуктан конкреттүүлүккө багыт алган концептуалдык маңызын, имманенттүү социалдык-тарыхый табиятын тастыктоо аркылуу социожаратылыштык жана социомаданий шартталган жаңы гуманисттик парадигмаларды ырааттуу изилдөө болуп эсептелет. Бул учкай белгиленген максаттын илимий муктаждыгы гуманисттик парадигмалар деп аталган антропологиялык мүнөздөгү социомаданий моделдерди адекваттуу аңдоонун зарылдыгы менен шартталган.

Жогоруда белгиленген максатка ылайык изилдөөнүн төмөнкү **милдеттери** аныкталды:

- изилдөө обьектсинин учурдагы теориялык деңгээлин аныктоо максатында философиялык антрополгия багытындагы илимий-изилдөөлөргө аналитикалык синопсис жүргүзүү;
- кыргыз профессионалдык философиялык эмгектериндеги анторопологиялык сегменттердин логикалык жана семантикалык өзгөчөлүктөрүн; кыргыз кыртышындагы антропологиялык мүнөздөгү философемаларды айкындоо;
- философиялык антропологиянын фундаменталдык илимий жоболорунун социотабияттык жана социомаданий факторолорун конкреттүү-тарыхый ыкманын негизинде аныктоо;
- философиялык антропологиянын башка маанилеш илимий тармактардан айрымаланган концептуалдык манызын жана логикалык табиятын теориялык рефлексия катарында тастыктоо;
- гуманизмдин типологиялык өзгөчөлүктөрүн жана социомаданий парадигмаларын айкындоо;
- адам маңызын жана табиятын антропологиялык тариздеги философиялык модель катары интерпретациялоонун мазмундук талаасын соңку илимий концепт катары чечмелөө;
- адам парадигмасынын соңку мезгилде сунушталган трансгуманисттик долбоорун жана этикалык доктринасын аксиологиялык (баалуулук) кубулуш, праксиологиялык аракет катары реконструкциялап, аталган антропологиялык концепциялардын логикалык табиятын ырааттуу талдоо;
- философиялык антропологиянын алкагындагы гуманисттик парадигмалардын онтологиялык контексттерин – социожаратылыштык жана социомаданий шарттарын моделдештирүү аркылуу алардын эпистемалык табятын аныктоо.

**Изилдөөнүн объектиси** – философиялык антрпологиянын концептуалдык траекториясы, анын соиотабияттык жана социомаданий маңызы; адам, индивид, аң сезим, акыл-эс, эрк, эркиндик түшүнүктөрү; рухий-моралдык баалулуктар; антропо-гуманисттик парадигмалар жана этикалык доктриналар. Ал эми, **изилдөөнүн предмети** – антропологиялык философиянын логикалык инструменттери (тарыхый-логикалык, индукция жана дедукция, абстракциялоо жана конкреттештирүү, аксиометикалык, анализдөө, синтездөө), методдору, теориялык жоболору жана жалпы түшүнүктөрү (категориялары) эсептелет.

**Диссертациялык иштин актуалдуулугу.** Адам табияты менен маңызын, анын социалдык-биологиялык жана рухий өбөлгөлөрүн, генезиси менен эволюциясын, изилдеген илимий тармактын соңку теориялык бедели – жогорку деңгээлдеги концептуалдык модели – философиялык антропология болуп саналат. Ал адам табияты менен маңызын, анын болумушка, тиричиликке, ой жүгүртүү менен акыл-эске жана эмоцияга карата болгон купуя мамилелерин иликтеп, азыркы адамдын социалдык-философиялык портретин түзүүгө жөндөмдүү.

Философиялык антропология – адам маңызы менен жашоосун (сущность и существования) талдай турган философиялык илимдердин татаал тармагы. Ал – «адам философиясы» деп аталган түшүнүктөн айрымаланып, бүтүндөй адам жөнүндөгү философиялык түшүнүктөрдүн жалпыланышы, бирдиктүү бир системага салынышы болуп эсептелет. Философиялык антропология – адам маңызын конкреттүү тарыхый фазадагы конкреттүү адам менен байланышытырып карабайт жана ал адам жөнүндө жалпыланган түшүнүктү аныктайт. Философиялык антропология – адам маселелеринин бардык көп кыйырларын терен талдоого умтулгандыгы менен айрымаланат. Адам парадигмасындагы социомаданий жана социожаратылыштык жагдайлардын, рационалдуулук менен иррационалдуулуктун; дүйнөгө карата адамдык мамилелердин, философиялык темпорализмдин, уникалдуулук менен универсалдуулуктун, чектүүлүк менен чексиздиктин, жоопкерчилик менен парздардын; азап чегүү, жарашуу, келишүү, куткаруу философиясынын, жашоо маңызы менен окуялардын ошондой эле, рухий кырдаалдардын өз ара биримдиги – философиялык антропологиянын объектиси.

XXI кылымдын негизги глобалдык проблемалары жалпыадамзатты ааламга карата бирдиктүү философиялык рефлексия даражасында ой жүгүртүүнү шарттап олтурат. Жалпы эле, дүйнөлүк социалдык кырдаал – экономикалык, саясий, этикалык, технологиялык жана диний карама-каршылыктардын негизинде болуп көрбөгөндөй чыңалып турганда жалпы адамзаттын, ошондой эле жеке адамдын социалдык турпаты улам барган сайын курчуп барат. Коомдук зарылдыкка айланган ааламдашуу процесси аймактык гана эмес, менталдык интгерацияланган кубулуштарды байма-бай жаратууда. Аталган обьективдүү

факторлордун өктөм таасиринен улам, буга чейин белгилүү болгон антропологиялык түшүнүктөрдүн мерчеми, семантикалык алкагы азыркы конкереттүү-социалдык кырдаалга коошпой калды.

Менталдык мүнөздөгү коомдук–мамлекеттик түзүлүш жаңы цивилизациялык кырдаалга туш болгон опурталдуу учурда, көнүмүш моралдык ченемдерге кедерги сапаттар арбып бараткан кырдаалда адамга мүнөздүү универсалдуу касиет-дөөлөттөр кыйла мезгил сактала берээри белгилүү. Демек, белгиленген универсалдуу дөөлөттөр менен жаңы пайда болгон локалдуу мүнөздөгү рухий кубулуштардын өз ара карама-каршылыгын адекваттуу аңдоо – философиялык антрпологиянын азыркы маанилүү маселеринен.

Мындан тышкары, нанотехнология, санариптегштирүүнүн коомдук турмуштагы ролу жогорулаган сайын жасалма интеллект менен адамдын ортосундагы мамиленин келечеги антропологияны “филосфиялаштыруу”, гуманисттик парадигмаларды өзгөргөн кырдаалга ылайыкташтыруу көйгөйүн жаратты. Эркиндик, теңдик, калыстык сыяктуу парадигмалык мүнөздөгү түшүнүктөрдү, “эрк”, “жакшылык”, “жамандык”, “абийир”, “милдет” өңдүү этикалык концептердин мазмундук талаасын туура аныктоо аркылуу, адамдын адамдык беделин тактоо жана сактоо зарылдыгы жаралды.

Белгиленген терең изилдөөнү талап кылган опурталдуу жагдайларды жөнгө салуу үчүн зарыл болгон концепцияларды иштеп чыгуу жалпы эле философиялык антропологиянын, ошондой эле жаңы өбөлгөлөнгөн гуманисттик парадигмалардын социожаратылыштык жана социомаданиятын аңдоонун актуалдуулугун шарттап турат. Анткени, мындай нуктагы илимий изилдөөнүн конкреттүү жыйынтыктары адамдын учурлаш жүрүм-турумун турукташтырууга, ал жүрүм-турумдарды жөнгө салуучу моралдык дөөлөттөрдүн калыптанышына шарт түзөт.

Философиялык антропология алкагындагы социалдык философиянын концепт-аппараты өзүнө ой жүгүртүүнүн универсалдуу мүнөздөгү философиялык категориялар менен формаларды камтып турат. Анда: адам жана коом, маданийлүүлүк менен табийгыйлуулук, социалдык аракеттер менен социалдык мамилелер, эркиндик менен көз карандылык, жуурулушу менен конфликт, өлүм менен өлбөстүк, бакыт менен бактысыздык, сүйүү менен махабат, кумар менен ырахат, жаштык менен карылык, өнүгүү менен чегинүү, кайгы менен кубаныч, өкүнүч менен сүйүнүү, арман менен ийгилик, кусалануу менен сагыныч, эргүү менен толкундануу, убакыт менен мейкиндик, кырдаал менен абал, тандоо менен аргасыздык, тобокелчилик менен маргиналдуулук, жашоо образы менен жашоо кыймылы, коммуникация ж.б.у.с камтылган. Айрыкча философиялык антропологиянын проблематикасында универсалдуулук менен уникалдуулуктун экилтик кесилиши негизги мааниге ээ. Ал адам

табиятына берилүүчү априордук жана тоталдык формадагы генетикалык шарттулук менен социомаданий нормаларды, турмуштук катастрофалар менен жашоо маңызын, соңиалдык аргасыздык менен индивидуалдык эркиндикти камтып турат. Мындан сырткары тигил же, бул социумдун ар кандай социалдык залалдуулуктардан, глобалдуу проблемалардан, айрыкча социалдык-экологиялык терс кубулуштардан сактануунун, эгерде андай кубулушка кириптер болгон болсо, андан арылуунун методологиялык маселелерин үйрөнүүгө жардам берет. Азап чегүүчү же, кризистик абалдагы социумдун жашоо дүйнөсү жөнүндөгү идеялардын философиясын түзүп, аларды жөнгө салуунун философиялык жоболорун түзүүгө жөндөмдүү. Өзгөчө адам болмушунун көп түрдүүлүгүн: анын этникалык, аймактык, тектик, курактык, тарыхый, табийгый-менталдык жана индивидуалдык өзгөчөлүктөрүн жалпы адамдык алкак менен айкалыштырып кароодо интерпретациялоого көмөк бере алат. Бул процессте жеке адамды коомдук жалпылоо тенденциясы, же, бардык эле адамдарды бирдей баалоо түшүнүгү оң жана терс натыйжа берээри өзүнчө маселе. Анткени, жашоодо бакытка умтулуудагы социалдык-укуктук бирдей теңдештирүү аракети социалдаштыруу контекстинде максатка ылайыктуу келсе, ошол эле учурда ар бир адамдын уникалдуу табиятын, андагы кайталангыс, өз алдынчалык адамдык касиет-баалуулуктарын таанybагандык терс натыйжага алыш келээри анык. Жогоруда учкай белгиленген концептуалдык жагдайлар диссертациянын илимий-теориялык актуалдуулугун таасын айгинелеп турат.

**Илимий натыйжалар.**

**Иштин диссертациялык изилдөөлөргө коюулуучу талаптарга жооп бере турган жаңылыгы.** Азыркы мезгил жана мейкиндиктин кооптуу континуму менен учурлаш, соңку геосаясий тилкелердин өзгөчө кырдаалы менен шартталган философиялык антропологиянын маңызы, анын социожаратылыштык жана социомаданий табияты конкреттүү гуманисттик типологиянын, гуманисттик парадигмалардын, трансгуманисттик долбоордун жана этикалык доктринанын алкагында изилденгендиги менен шартталган.

Диссертациялык изилдөөлөргө коюулуучу талаптарга жооп бере турган жаңылык катары мүнөздөлгөн жагдай төмөнкү концептуалдык констаталар аркылуу конкреттештирилди:

*1-жыйынтык.* Ынанымдуу. Анткени, диссертант тарабынан философиялык антрополгия ареалында, анын ичинде кыргыз профессионлдык философиясында өкүм сүргөн гуманисттик мүнөздөгү адам маңызына арналган илимий-изилдөөлөргө аналитикалык талдоо жүргүзүлүп, алардын теориялык дараметтери ынанымдуу тастыкталган.

*2-жыйынтык.* Ишенимдүү. Себеби, автор тарабынан кыргыз кыртышындагы ойлом материалдары аркылуу протоантропологиялык

философемалардын социалдык-философиялык сегменттери ишенимдүү жана аргументтүү дааналанган.

*3-жыйынтык.* Негиздүү жаңы. Анткени, изденүүчү философиялык антропологиянын онтологиясын өбөлгөлөгөн социотабияттык жана социомаданий факторлорду гносеологиялык рефлексия иретинде талдоого алып, аларды болумдук кубулуш катары негиздүү тастыктоого жетишкен.

*4-жыйынтык.* Логикалык жаңы. Диссертант өз изилдөөсүндө философиялык антропологиянын концептуалдык манызы менен логикалык табиятын азыркы көпкырдуу геосаясий кырдаалдын опурталдуу алкагында адам маңызын обьективдүү аңдоонун адекваттуу формасы экендигин концептуалдуу айгинелеген.

*5-жыйынтык.* Жетиштүү жаңы. Анткени автор, диссертацияда белгилегендей, гуманизмдин типологиялык өзгөчөлүктөрүн дааналаган теориялык жоболордун социомаданий табияты менен парадигмалык концепт-белгилерин жеткиликтүү айкындоого жетишкен.

*6-жыйынтык.* Ынанымдуу жаңы. Себеби изденүүчү гуманисттик парадигмаларды талдоого алып жатып, “адам маңызы жана табияты” деп аталган заман менен учурлаш антропологиялык парадигманын мазмундук тилкесин түшүнүк-түшүнүмдөрдүн алкагы катары аныктап, чечмелей алган.

*7-жыйынтык.* Концептуалдуу жаңы. Анткени, диссертант тарабынан адам парадигмасынын трансгуманисттик долбооруна жана анын этикалык доктринасына аксиологиялык талдоо жүргүзүлүп, анын праксиологиялык маңызы ачылып берилген. Адам парадигмасынын трансгуманисттик долбоорунун жана анын этикалык доктринасынын турмуштук баалуулктары, андагы “күнгөй-тескей” өңүттөрү концептуалдуу талдоого алынган.

*7-жыйынтык.* Негиздүү жаңы. Диссертант өз изилдөөсүндө социалдык философиялык жана философиялык антропологиялык алкакта конкреттүү-тарыхый гуманисттик парадигмалардын эпистемалык кудуретин, андагы социожаратылыштык жана социомаданий өбөлгөлөрүн айгинелеп, алардын болочок коомдогу прагматикалуулук дараметин айкындоого жетишкен.

*8-жыйынтык.* Жалпы жаңы. Диссертациядагы чыгарылган корутундулар, жобо жана жыйынтыктар илимий-концептуалдуу негизде аргументтүү ой-пикирлер менен берилген. Изилдөөгө алынган маселенин актуалдуулугу, өзүнүн көп кырдуулугуна байланыштуу башка илимдердин алкагында изилденип чыгарылган тыянактарга да таянууга түрткү болгон. Диссертациялык изилдөөдө академиялык стилдеги нукура кыргыз тилиндеги бир нече омоктуу жана уккулуктуу терминдер колдонулган. Адатта көпчүлүк учурларда

европоборбордук императивге таянып, сырттан келген терминдерди көп колдонулат. Бул болсо философия илиминин кыргыз кыртышында кеңири кулач жайуусуна өбөлгө болоорунан үмүттөндүрөт.

**Диссертациянын негизги жоболору, натыйжалары жана корутундуларынын жарыяланышы, тастыкталышы.**

Диссертациялык иштин жалпы көлөмү 290 бетти түзөт жана изилдөөнүн негизги максаты менен милдеттерине туура келип, кириигүүдөн, 8 параграфты камтыган төрт баптан, корутундудан жана колдонулган адабияттардын тизмегинен турат.

**Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.** Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна дал келет. Авторефераттын кыргыз, орус, англис тилдеринде резюмеси бар.

**Диссертациядагы учураган айрым мүчүлүштүктөр.**

1.Кыргыз этнофилософемаларындагы антропологиялык нуктагы идеяларды тереңдетүү зарыл.

2.Изилдөөдө айрым техникалык мүчүлүштүктөр кездешет. Бирок андай мүчүлүштүктөр диссертациянын деңгээлин төмөндөтпөйт.

**Диссертациянын Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын окумуштуулук даражаларды ыйгаруу боюнча жобосуна дал келиши.**

Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын окумуштуулук даражаларды ыйгаруу боюнча жобосуна дал келет.

**Корутунду:**

Жалпысынан Ө.С.Акматовдун 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Философиялык антропология алкагындагы гуманисттик парадигмалардын социожаратылыштык жана социомаданий табияты» аттуу диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын докторлук диссертацияларга койгон талаптарына толук жооп берет.

**Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылган документтерди карап чыгып,** Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын академик А. А. Алтмышбаев атындагы Философия институтуна жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу философия илимдеринин доктору (кандидаты), маданият таануу жана искусство таануунун кандидаты окумуштуулук даражаларды изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д.09.22.657 диссертациялык кеңешине 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Философиялык антропология алкагындагы гуманисттик

парадигмалардын социожаратылыштык жана социомаданий табияты» аттуу доктордук диссертацияны кабыл алууну сунуш кылат.

**Төрага:** Сөз эксперттик комиссиянын мүчөсү, философия илимдеринин доктору Токоева Гулдана Самидиновнага берилет.

**Токоева Г.С.:** Саламатсыздарбы. Философия илимдеринин доктору Токоева Гулдана Самидиновна Акматов Өмүрзак Сарытайовичтин 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Философиялык антропология алкагындагы гуманисттик парадигмалардын социожаратылыштык жана социомаданий табияты» аттуу диссертациялык ишин карап чыгуу менен төмөндөгү корутундуга келди:

**Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Сунуш кылынган докторлук диссертациялык иш Д 09.22.657 диссертациялык кеңешинин профилине туура келет.

**Иштин максаты катары** – салыштырмалуу соңку илимий тармак – философиялык антропологиянын абстрактуулуктан конкреттүүлүккө багыт алган концептуалдык маңызын, имманенттүү социалдык-тарыхый табиятын тастыктоо аркылуу социожаратылыштык жана социомаданий шартталган жаңы гуманисттик парадигмаларды ырааттуу изилдөө эсептелет.

Коюлган максат диссертацияда төмөндөгү **милдеттерди** аткаруу менен чечилген. Аны мен айтпай эле коелу, аны диссертант айтты.

**Иштин акталдуулугу** Адам табияты менен маңызын, анын социалдык-биологиялык жана рухий өбөлгөлөрүн, генезиси менен эволюциясын, изилдеген илимий тармактын соңку теориялык бедели – жогорку деңгээлдеги концептуалдык модели – философиялык антропология болуп саналат.

**Натыйжалар келтирилген, туура.**

**Диссертациядагы чыгарылган ар бир жыйынтыктардын (жобонун, натыйжалардын, корутундунун) негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгү**

Автордук изилдөөнүн негизинде жасалган жыйынтыктар илимий жактан маанилүү болуп эсептелет. Илимий иште философия илиминин өнүгүүсү үчүн олуттуу мааниге ээ төмөндөгүдөй жаңы жалпыланган илимий-теориялык жыйынтыктар берилген:

*1-жыйынтык.* Жетишээрлик деңгээлде ынанымдуу. Анткени, Адам түшүнүгүн парадигма иретинде комплекстүү изилдөө, фрагментардык концепттерден айрымаланып, методологиялык мүнөздөгү синтездик концепцияны колдонуп адам табиятын жана маңызын изилдөө ыкмасы соңку мезгилде жаңы өнүгө баштаган – философиялык антропологияга таандык.

*2-жыйынтык.* Логикалуу ынанымдуу. Анткени, адам ар дайым өзүнүн чектелген табийгый алкагынан чыгууга умтулат. Адамдын өзгөрмөлүү табиятынын ички логикасы мына ушул “адамдык умтулуу” менен түшүндүрүлөт.

*3-жыйынтык.* Логикалык жетишээрлик ынанымдуу. Анткени, адам жана анын ишмердүүлүгү, коом түзүмү жана коомдук болмуш менен тыгыз байланышкан социотабияттык жана социомаданий факторлор универсалдуу эволюциянын конкреттүү социалдык-тарыхый көрүнүшү болуп эсептелет.
*4-жыйынтык.* Жаңы жана ишенимдүү. Анткени, "табият – коом – адам" үчилтиги учурдагы экзистенциалдык маңызды түзгөн ажыралгыс бир бүтүндүк. Азыркы адамзат жашоо-тиричилиги, анын деңгээли бири-бирин өбөлгөлөгөн, шарттаган, жана бирине-бири көз каранды аталган үчилтиктин өз ара байланышы аркылуу аныкталат.
*5-жыйынтык.* Ынандыраарлык омоктуу ой-бүтүм. Чынында, табийгый чөйрө – коомдук жашоону өбөлгөлөөчү зарыл шарты. Ал эми, коом – табияттын кыйла кенири бүтүндүгүн туюндурган социеталдык түзүм болуп саналат.
*6-жыйынтык.* Диссертаңияда реалдуу концепттешкен ой-бүтүм тыянакталган жана адамды адекваттуу таанып билүүгө багытталган А.А.Салиев, А.А.Брудный, Ж.Б.Бөкөшов, Н.К. Кулматов сыяктуу кыргыз профессионал философтордун идеялары өркүндөтүлгөн.
*7-жыйынтык.* Идеялык өркүндөтүү жаңылыгы. Диссертацияда белгиленгендей, дүйнөлүк философиялык антропологиянын бир саласы катары кыргыз кыртышындагы адамдын түрдүү өңүтүнө (тирик, пенде киши (инсан) ж.б.) айкын баа берүү, алардын социалдык маңызын аныктоо – обьективдүү заралыдыкты жаратат.
*8-жыйынтык.* Концептуалдуу жаңы. Диссертант адамдын антропогенездик факторуна өзгөчө маани берген. Изденүүчү белгилегендей, адам – аалам объективдүүлүгүн адамдаштырууга далаалат кылган субъективдүү кубулуш.
*9-жыйынтык.* Жаны жана ишенимдүү.
*10-жыйынтык.* Жаны жана негиздүү.
*11-жыйынтык.* Жаңы ой-бүтүм.
*12-жыйынтык.* Концептуалдуу жаңы. Диссертант адамдын антропологиясынан айрымалап "жашоо антропологиясы" түшүнүгүнө өзгөчө маани берген.
*13-жыйынтык.* Жаңы ынанымдуу. Автордун пикиринде "Адамды өркүндөтүү" парадигмасы илимий чөйрөдө да кеңири талкууланып, биоэтиканын борбордук маселеси катары каралат.
*14-жыйынтык.* Концептуалдуу жаңы. Анткени, диссертацияда ынандыраарлык омоктуу ой-бүтүм берилген.

1. Диссертациянын жыйынтыктарынын мүнөзү

1.1. Жаңы илимий багытты иштеп чыгуу же жыйындысы тиешелүү илимдин тармагындагы ири жетишкендик катары эсептеле турган актуалдуу илимий багыттын бирин жана негизинен жаңы натыйжалардын мазмунун концептуалдуу өнүктүрүү.

2. Диссертациянын жыйынтыктарынын жаңылыгынын деңгээли

2.1. Жыйынтыктары жаңы деп эсептелет.

3. Диссертациянын жыйынтыктарынын баалуулугу

3.1. Жогору.

4. Диссертациянын темасынын пландуу изилдөөлөр менен байланышы

4.1. Тема тармактык программага, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын планына же уюмдун тематикалык планына кирет.

5. Колдонмо мааниси бар диссертациянын жыйынтыктарын пайдалануу деңгээли:

5.1. Тармактар аралык денгээлде.

6. Колдонмо мааниси бар диссертациянын жыйынтыктарын кеңири пайдалануу боюнча сунуштар:

6.1. Кеңири пайдаланууну талап кылат.

5. Автореферattын диссертациянын мазмунуна дал келиши. Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна дал келет. Автореферattын кыргыз, орус, англис тилдеринде резюмеси бар.

6. Диссертациядагы учураган айрым мүчүлүштүктөр.

1. Изилдөөдө айрым техникалык, стилистикалык мүчүлүштүктөр кездешет. Ал диссертациялык иштин деңгээлин төмөндөтпөйт.

7. Диссертациянын Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын окумуштуулук даражаларды ыйгаруу боюнча жобосуна дал келиши.

Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын окумуштуулук даражаларды ыйгаруу боюнча жобосуна дал келет.

**Корутунду:**

Акматов Өмүрзак Сарытайовичтин 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Философиялык антропология алкагындагы гуманисттик парадигмалардын социожаратылыштык жана социомаданий табияты» аттуу диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын докторлук диссертацияларга койгон талаптарына толук жооп берет.

**Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылган документтерди карап чыгып,** Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын академик А. А. Алтмышбаев атындагы Философия институтуна жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу философия илимдеринин доктору (кандидаты), маданият таануу жана искусство таануунун кандидаты окумуштуулук даражаларды изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д. 09.22.657 диссертациялык кеңешине 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Философиялык антропология алкагындагы гуманисттик

парадигмалардын социожаратылыштык жана социомаданий табияты» аттуу докторлук диссертацияны кабыл алууну сунуш кылат.

**Төрага:** Сөз эксперттик комиссиянын мүчөсү, философия илимдеринин доктору Алымкулов Марат Сапарбековичке берилет.

Философия илимдеринин доктору, доцент Алымкулов Марат Сапарбекович **Акматов Өмүрзак Сарытайовичтин** 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Философиялык антропология алкагындагы гуманисттик парадигмалардын социожаратылыштык жана социомаданий табияты» аттуу диссертациялык ишин карап чыгуу менен төмөндөгү корутундуга келди:

**Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин туура келиши.**

Сунуш кылынган докторлук диссертациялык иш Д 09.22.657 диссертациялык кеңешинин профилине дал келет.

Иш 09.00.11 – социалдык философия адистигинин паспортуна жооп берүүчү философиялык антропология алкагындагы гуманисттик парадигмалардын социожаратылыштык жана социомаданий табиятына социалдык философия аспектисинде толук талдоо жүргүзүлгөн.

**Иштин максаты катары** – философиялык антропологиянын абстрактуулуктан конкреттүүлүккө багыт алган концептуалдык маңызын, имманенттүү социалдык-тарыхый табиятын тастыктоо аркылуу социожаратылыштык жана социомаданий шартталган жаңы гуманисттик парадигмаларды ыраатуу изилдөө эсептелет.

Милдеттерин айтып өттү. Токтолбойлу.

**Квалификациялык белгилерге туура келиши**

**Диссертациянын жыйынтыктарынын мүнөзү**

Жаңы илимий багытты иштеп чыгуу же жыйындысы тиешелүү илимдин тармагындагы ири жетишкендик катары эсептеле турган актуалдуу илимий багыттын бирин жана негизинен жаңы натыйжалардын мазмунун концептуалдуу өнүктүрүү.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын жаңылыгынын деңгээли**

Жыйынтыктары жаңы деп эсептелет.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын баалуулугу**

Жогору.

**Диссертациянын темасынын пландуу изилдөөлөр менен байланышы**

Тема тармактык программага, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын планына же уюмдун тематикалык планына кирет.

**Колдонмо мааниси бар диссертациянын жыйынтыктарын пайдалануу деңгээли:**

Тармактар аралык денгээлде.

**Колдонмо мааниси бар диссертациянын жыйынтыктарын кеңири**

**пайдалануу боюнча сунуштар:**
Кеңири пайдаланууну талап кылат.

**Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.** Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна дал келет. Авторефераттын кыргыз, орус, англис тилдеринде резюмеси бар.

**Диссертациядагы учураган айрым мүчүлүштүктөр.**

1. Диссертациялык иште техникалык, стилистикалык каталар бар. Ал мүчүлүштүк илимий изилдөөнүн деңгээлин төмөндөтпөйт.

**Диссертациянын Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын окумуштуулук даражаларды ыйгаруу боюнча жобосуна дал келиши.**

Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын окумуштуулук даражаларды ыйгаруу боюнча жобосуна дал келет.

**Корутунду:**

Акматов Өмүрзак Сарытайовичтин 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Философиялык антропология алкагындагы гуманисттик парадигмалардын социожаратылыштык жана социомаданий табияты» аттуу диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын докторлук диссертацияларга койгон талаптарына толук жооп берет.

**Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылган документтерди карап чыгып,** Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын академик А. А. Алтмышбаев атындагы Философия институтуна жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу философия илимдеринин доктору (кандидаты), маданият таануу жана искусство таануунун кандидаты окумуштуулук даражаларды изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д. 09.22.657 диссертациялык кеңешине 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Философиялык антропология алкагындагы гуманисттик парадигмалардын социожаратылыштык жана социомаданий табияты» аттуу докторлук диссертацияны кабыл алууну сунуш кылат.

**Төрага:** Рахмат. Анда урматтуу коллегалар сөздү изденүүчүгө берсек.

**Изденүүчү:** Урматтуу төрага жана диссертациялык кеңештин мүчөлөрү.

Биринчи суроо. Адам маңызы тууралу суроо болду. Дарвиндин концепциясы жөнүндө айтылды. Мен кыскача айтканда социологдор, соцалдык философия алкагында эки өңүткө кайрылышат. Биологиялык

жана социалдык деп. Философиялык антропологиянын артыкчылыгы адамды рухий жана биосоциалдык кубулуш деп аныктайт.

Экинчи суроо боюнча. Адам антрогенездик кубулуш катары Дарвиндин теориясы өтө чоң ачылыш болгон. Бирок азыркы учурда адамдын келип чыгышы жөнүндө түйүндүү талаш тартштар бар. Адам өзүнүн биологиялык чектелүүсүн билип туруп, акыл-эси менен таанып туруп табигый закондорго баш ийип өмүр, өлүм жашоо жөнүндө баарын туйуп туруп, адам мүнөзү чексиздикти, түбөлүктүүлүктү каалайт. Олбөс үчүн аракет кылыат.

Негизги парадигмалар боюнча. Биринчи, адам жөнүндө парадигмалар бул мифологиялык парадигмалар. Ал эволюциялык түрддө диний парадигмаларга ыкталган. Андан кийинкиси илимий-технологиялык парадигмалар. Азыркы биз айтып жаткан бул гуманисттик-философиялык парадигма.

Кыргыз кыртышындагы философемалар жана илимий теориядагы сегменттерди карапсыз экинси параграфта. Бул сегменттер ачык сегментби же жабык сегментпи?

Жеке адамдын социалдык турпаты улам барган сайын курчуп барат дегенге түшүндүрмө. Анан “учурлаш” деген сөзгө түшүндүрмө.

Кыргыз кыртышындагы философемалар жана илимий теориядагы сегменттер. Бул сегменттер ачык сегментби же жабык сегментпи деген суроо берилген.

Учурлаш деген мезгил менен мейкиндиктин тогошкон жери. Философемалык ачыктык жана жабыктык доордун кырдаалына байланыштуу. Айрыкча чыгыш элдеринде табышмактуу жабык антропологиялык идеялар айтылган. Ал эми Батыш Европада ачык антропологиялык изилдөөлөр деп айтабыз.

**Төрага:** Эксперттердин суроолоруна жооп бериңиз.

**Изденүүчү:** Жасалма интеллектин келечеги, адамзатка тийгизген таасири. Анын оң жана терс таасири бар. Табигый түргө карам-каршы келет. Каарама - каршылыкты антогонисттик эмес гармониялаштырууга аракет жасаш керек.

Рахат Душембуевнанын суроосуна жооп. Кыргыз философемалардагы антропоморфтук идеяларды тереңдетиш керек деген суроо. Купуя түрүндө айтылган идеялар бар. Ал Чыгыш философиясына мүнөздүү. Поэтикалык түрдө ж.б. түрлөрдө берилген. Албетте ошону биз илимий теорияга айландырышыбыз керек. Сунуштарды эске алабыз.

**Төрага:** Урматтуу коллегалар жоопторду уктуңуздар. Талкууга өтсөк. Ким сүйлөйт. Кубанычбек Абдыкадырович.

**Исаков К.А.:** Урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү, урматтуу төрага иш Ош мамлекеттик университетинин философия жана политология кафедрасында алгач талкуудан өткөн. Чындыгына адам маселеси өтө татаал

табышмактуу процесс. Анткени адам табияты, ой, бой, түсү эч, бир-бирине коошпогон феномен. Ошондуктан ал актуалдуу жана ар ар дайым иликтөөнү талап кылган процесс. Тема татаал. Диссертация бир нече жолу талкуудан өтүп оңдолгон. Жетилген иш деп айта алам. Коргоого сунуш кылам жана колдоого чакырам.

**Төрага:** Анда мен бир-эки сөз айтып коеюун. Биринчиден коюулуп жаткан иш бирден бир жаңы багыттагы иш болуп эсептелет. Экинчиден эң башкы маңызы адам проблемасы кеңири мааниде каралып атат. Муну кыска мааниде да караса болот. Ницше, Кьеркегор, Фейербах мисал.

Мен ойлойм кийинки изилдөөлөр кыргыз элдик оозеки чыгармалардагы адам проблемаларды козгосо жакшы болмок. Диссертацияны коргоого сунуштайм.

**Корутунду**

Акматов Өмурзак Сарытайовичтин “Философиялык антропология алкагындагы гуманисттик парадигмалардын социожаратылыштык жана социомаданий табияты” аттуу темадагы 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча жазылган докторлук диссертациясын коргоого сунуштоо боюнча ачык добушка салам. Сунушталсын дегендер добуш берсеңиздер. Рахмат. Бир добуштан.

**Жетектөөчү мекеме:** Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин философия жана гуманитардык илимдер кафедрасы.

**Оппоненттер: 1.** Философия илимдеринин доктору, Алымкулов Марат Сапарбекович;

2. Ф.и.д., профессор Айтбаев Абдимиталип Айтбаевич;
3. Ф.и.д., профессор Джусупбеков Азизбек Кылычбекович дайындалсын.

Коргоо күнү 26.06.24 ж. саат 13.00. Добуш берсеңиздер. Рахмат.

**Диссертациялык кеңештин төрагасы, философия илимдеринин доктору, профессор** **Саралаев Н.К.**

Диссертациялык Кеңеш

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, философия илимдеринин кандидаты, доцент** **Алымкулов З.А.**